| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**<br>**НООКЕН РАЙОНУ**<br>**АРАЛ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**НООКЕНСКИЙ РАЙОН**<br>**АРАЛСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ** |

# ТОКТОМ

24 - февраль 2023-жыл № 1 Арал айылы.

Арал айыл өкмөтүнүн 2021-2026-жылдарга түзүлгөн
статегиялык өнүгүү программасын бекитүү жөнүндө

Арал айыл өкмөтүнүн 2021-2026-жылдарга түзүлгөн статегиялык өнүгүү программасына 2023-жылга кошулган иш чараларды угуп жана талкуулап Арал айылдык кенешинин XXI –чакырылышынын кезектеги XVI –сессиясы **токтом кылат:**

1. Арал айыл өкмөтүнүн 2021-2026-жылдарга түзүлгөн статегиялык өнүгүү программасына 2023-жылга кошулган иш чаралар бекитилсин. (иш чара тиркелет)
2. Арал айыл өкмөтүнүн 2021-2026-жылдарга түзүлгөн статегиялык өнүгүү программасы менен иш алып баруу айыл өкмөт башчысы Н.Омурзаковго милдеттендирилсин.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө инвестиция, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.
4. Ушул токтом жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирсин.

Төрага Т. Оморов

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
НООКЕН РАЙОНУ
АРАЛ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
НООКЕНСКИЙ РАЙОН
АРАЛСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

# ТОКТОМ

24 - февраль 2023-жыл № 2 Арал айылы

Арал айылына Этно- комплекс куруу үчүн жер
ажыратуу жөнүндө

Арал айыл аймагындагы Арал айылына Этно-комплекс куруу үчүн айыл өкмөт башчысынын билдирүүсүн угуп жана талкуулап Арал айылдык кеңешинин XXI- чакырылышынын кезектеги XVI сессиясы **токтом кылат**

1. Айыл өкмөт башчысынын билдирүүсү, маалыматы эске алынсын.

2. Арал айыл аймагынын Арал айылынан Этно-комплекс куруу үчүн 302- контурунан керектүү жер аянты такталып жерге жайгаштыруу иштери жүргүзүлсүн жана куруу үчүн жер ажыратууга макулдук берилсин.

3. Тиешелүү документтерди даярдоо, ушул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу Арал айыл өкмөт башчысы Н.Омурзаковко милдеттендирилсин.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айыл чарбасы боюнча туруктуу комиссияга жүктөлсүн.

5. Ушул токтом жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирсин.

Төрага Т. Оморов

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**<br>**НООКЕН РАЙОНУ**<br>**АРАЛ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**НООКЕНСКИЙ РАЙОН**<br>**АРАЛСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ** |

*Арал айылы, Колхоз көчөсү- 18, Тел. 03734 6-01-30*

# ТОКТОМ

24- февраль 2023-жыл № 3 Арал айылы

Арал айылдык кеңешинин 2023-жылга
карата иш план бекитүү жөнүндө

Күн тартибиндеги маселени угуп жана талкуулап Арал айылдык кеңешинин XXI чакырылышынын кезектеги XVI сессиясы **токтом кылат:**

1. Арал айылдык кеңешинин 2023-жылга түзүлгөн иш планы толуктоолору менен бекитилсин. (иш план тиркелет)

2. Айылдык кеңештин сессияларын иш пландын негизинде өткөрүү жагы туруктуу комиссиялардын төрагаларына жана айылдык кеңештин төрагасынын орун басары З.Акматалиевага жүктөлсүн.

3. Ушул токтом жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирсин.

Айылдык кеңештин төрагасы Т.Оморов

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**НООКЕН РАЙОНУ**
**АРАЛ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**НООКЕНСКИЙ РАЙОН**
**АРАЛСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

---

# ТОКТОМ

24 - февраль 2023-жыл     № 4     Арал айылы.

Арал айыл өкмөтүнүн башчысынын 2022-жылга
карата аткарган ишин кароо жөнүндө

Күн тартибиндеги маселени угуп жана талкуулап Арал айылдык кенешинин XXI –чакырылышынын кезектеги XVI –сессиясы **токтом кылат:**

1. Арал айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Омурзаковдун билдирүүсү эске алынсын.

2. Арал айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Омурзаковдун аткарган иши канаттандырарлык деп табылсын.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмдөө айылдык кеңештин төрагасынын орун басары З. Акматалиевага милдеттендирилсин.

Төрага     Т. Оморов

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>НООКЕН РАЙОНУ<br>АРАЛ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>НООКЕНСКИЙ РАЙОН<br>АРАЛСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

*Арал айылы, Колхоз көчөсү- 18, Тел. 03734 6-01-30*

# № 5 ТОКТОМ

24- февраль 2023-жыл Арал айылы.

Арал айыл өкмөтүнүн бюджетин 2023-жылдын 1- январына карата калдыгын, жергиликтүү бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүгүнүн 2023-жылга бюджетин 2024-2025-жылдарга болжолдуу долбоорун бекитүү жөнүндө

Күн тартибиндеги биринчи маселе боюнча Арал айыл Өкмөтүнүн финансы-экономикалык бөлүмүнүн башчысы Ж.Акматалиевдин 2023-жылдын 1-январына бюджеттик счеттогу 3068,5 миң сом, атайын каражат боюнча эсептик счеттогу 865,9 миң сом калдыгы, ошондой эле жергиликтүү бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүгүнүн 2023-жылга бюджети жана 2024-2025-жылдарга болжолдуу долбоору боюнча маалыматын угуп жана талкуулап Арал айылдык кенешинин XXI -чакырылышынын XVI –сессиясы **токтом кылат:**

1. 01.01.2023-жылга крата бюджеттеги эсеп счетундагы 3068,5 сом калдыгы, атайын каражат боюнча эсептик счетто 865,9 сом калдыгы №1 тиркемеге ылайык чыгашасы бекитилсин.
2. 2023-жылга айыл Өкмөтүнүн бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүктөрү 20424,7 (жыйырма миллион төрт жүз жыйырма төрт миң жети жүз) сом жана атайын каражат боюнча 1695,4 (бир миллион алты жүз токсон беш миң төрт жүз сом) сом, 2023-жылга болжолдуу долбоору 22195,7 миң сомго. 2024-жылга болжолдуу долбоору 23476,5 миң сомго 2-тиркемеге ылайык бекитилсин.
3. Жүгүртүлүүчү кассалык накталай акчанын көлөмү Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 110- беренесине ылайык учурдагы бюджеттик жылдын башталышына топтолгон эркин каражаттардын калдыктардын эсебинен 250,0 миң сомго белгиленсин
4. Жергиликтүүбюджеттин резервдик фондунун өлчөмү Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 24- беренесине ылайык 87,0 миң сомго белгиленсин.

5. Жергиликтүү бюджеттин чыгашаларын каржылоо биринчи кезекте корголгон беренелер ( эмгек акы, социалдык фондго төгүмдөр, медикаменттер жана медициналык багыттагы буюмдарды сатып алууга, тамак аш азыктарын сатып алууга, социалдык камсыз кылуу боюнча жөлөг пулдарга, калкка социалдык жардам боюнча жөлөкпулдар) жана комуналдык чыгымдарга жүргүзүлсүн

6. Бюджеттин чыгаша бөлүгүн сметанын статьяларынын чегинен ашырбай аткаруу жагы Арал айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.

7. Арал айыл өкмөтүнүн бюджетинин жетишпестигин жоюу үчүн кошумча каржы булактарын табуу, өндүрүлбөй калган салыктар, ижара акыларды өндүрүү боюнча иш алып баруу жагы жана айыл аймактык социалдык өнүгүү маселелерин чечүү Арал айыл өкмөтүнө жүктөлсүн.

8.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет, экономика, комуналдык чарба боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

Айылдык кеңештин төрагасы Т.Оморов

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**<br>**НООКЕН РАЙОНУ**<br>**АРАЛ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**НООКЕНСКИЙ РАЙОН**<br>**АРАЛСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ** |

*Арал айылы, Колхоз көчөсү- 18, Тел. 03734 6-01-30*

# ТОКТОМ

24- февраль 2023-жыл № 6 Арал айылы

Ноокен районунун Арал айыл өкмөтүнүн
Жергиликтүү жамааттарынын типтүү
уставы бекитүү жөнүндө

Күн тартибиндеги маселени угуп жана талкуулап Арал айылдык кеңешинин XXI чакырылышынын кезектеги XVI сессиясы **токтом кылат:**

**1.** Ноокен районунун Арал айыл өкмөтүнүн Жергиликтүү жамааттарынын типтүү уставы бекитилсин.

**2.** Арал айыл өкмөтүнүн Жергиликтүү жамааттарынын типтүү уставы менен иш алып баруу жагы айыл өкмөт башчысына милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө мыйзамдуулук, регламент, депутаттык этика боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

4. Ушул токтом жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирсин.

Айылдык кеңештин төрагасы Т.Оморов

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**НООКЕН РАЙОНУ**
**АРАЛ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**НООКЕНСКИЙ РАЙОН**
**АРАЛСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

---

*Арал айылы, Колхоз көчөсү- 18, Тел. 03734 6-01-30*

# ТОКТОМ

24- февраль 2023-жыл № 7 Арал айылы

Башкаруучулук ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу
боюнча Жумушчу Топ жөнүндө

Кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу жана айыл өкмөтүнүн башкаруучулук ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча Жумушчу Топ жөнүндөгү Жобону угуп жана талкуулап Арал айылдык кеңешинин XXI чакырылышынын кезектеги XVI сессиясы **токтом кылат:**

**1.** Кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу жана айыл өкмөтүнүн башкаруучулук ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча Жумушчу Топ жөнүндө Жобо бекитилсин. (Жобо тиркелет)

2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө инвестиция, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

3. Ушул токтом жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирсин.

Айылдык кеңештин төрагасы Т.Оморов

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
НООКЕН РАЙОНУ
АРАЛ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
НООКЕНСКИЙ РАЙОН
АРАЛСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

*Арал айылы, Колхоз көчөсү- 18, Тел. 03734 6-01-30*

# ТОКТОМ

24- февраль 2023-жыл №8 Арал айылы

Биргелешкен мониторинг жана баалоо
тобун түзүү жөнүндө

Арал айыл өкмөтүнүн социалдык –экономикалык өнүгүүсүндө жасалган жумуштарды биргелешкен мониторинг жана баалоо тобун түзүү боюнча маселени угуп жана талкуулап Арал айылдык кеңешинин XXI чакырылышынын кезектеги XVI сессиясы **токтом кылат:**

1. Арал айыл өкмөтүнүн алдында биргелешкен мониторинг жана баалоо тобу жөнүндө ЖОБОсу бекитилсин. №1 тиркеме тиркелет
2. Арал айыл өкмөтүнүн алдында биргелешкен мониторинг жана баалоо тобу төмөндөгү курамда бекитилсин

- А.Ахмеджанов - айыл өкмөт кызматкери
-С.Осмоналиев - айыл өкмөттүн кызматкери
- М.Эсеналиева - депутат
- К Камилов - эл өкүлүнөн
- Б.Мамадалиева – активист аял
- А.Эрматов – жаштар уюмунун төрагасы.
- М. Юсупов – эл өкүлү

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө инвестиция, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

4. Ушул токтом жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирсин.

Айылдык кеңештин төрагасы Т.Оморов

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**<br>**НООКЕН РАЙОНУ**<br>**АРАЛ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**НООКЕНСКИЙ РАЙОН**<br>**АРАЛСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ** |

***Арал айылы, Колхоз көчөсү- 18, Тел. 03734 6-01-30***

# ТОКТОМ

24- февраль 2023-жыл № 9 Арал айылы

Муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн кошумча
тизмегин жана жобосун бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын 2014-жылдын 17-июлу № 139 "Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө" Мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 3-июлундагы №302 "Муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр тутумун оптималдаштыруу боюнча чаралар жөнүндө" токтомунун негизинде айыл өкмөтү тарабынан иштелип чыккан "Муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн кошумча тизмегин" карап, талкуулга алып, айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн кошумча тизмеги жана жобосу бекитилсин. (Жобосу жана тизмеги бекитилет)

2. Токтом Мамлекеттик каттоо Реестр журналына катталсын жана юстиция органына Мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн жиберилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышы айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Омурзаковго милдеттендирилсин.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет, экономика, комуналдык чарба боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы М.Шадыкановго милдеттендирилсин.

5. Ушул токтом жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирсин.

Айылдык кеңештин төрагасы Т.Оморов

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**<br>**НООКЕН РАЙОНУ**<br>**АРАЛ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**НООКЕНСКИЙ РАЙОН**<br>**АРАЛСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ** |

***Арал айылы, Колхоз көчөсү- 18, Тел. 03734 6-01-30***

# ТОКТОМ

24- февраль 2023-жыл № 10 Арал айылы

## Кызмат көрсөтүүгө конкурс өткөрүүнүн тартиби жөнүндө ЖОБО

Кызмат көрсөтүүлөргө конкурс өткөрүүнүн тартиби жөнүндө Жобону карап чыгып Арал айылдык кеңешинин XXI чакырылышынын кезектеги XVI сессиясы **токтом кылат:**

**1.** Кызмат көрсөтүүлөргө конкурс өткөрүүнүн тартиби жөнүндө Жобо бекитилсин. (Жобо тиркелет)

2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө инвестиция, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

3. Ушул токтом жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирсин.

Айылдык кеңештин төрагасы Т.Оморов